Протокол № 1.

29.08.19

Мугалимдердин саны -14

Катышканы -12

1. Күн тартибинде:

1. 2018/19- Окуу жылынын анализи.
2. Жаңы окуу жылына даярдык.
3. Мектепти комплекттөө , сааттарды бөлүштүрүү.
4. Окуучуларды кабыл алууга, билим күнүнө даярдык.

Педсоветти директор Шекалиева М. ачып, мугалимдерди жаңы окуу жылы менен куттуктап, күн тартиби менен тааныштырды.

Урматтуу мугалимдер, жаңы окуу жылы башталды, былтыркы жылдын анализи боюнча жетишүү 100% болгону менен билим сапаты тиешелүү деңгээлге жеткен жок. Быйыл былтыркы кетирилген кемчиликтерди четтетип, жаныча күч менен изденүү менен иштеп, тесттен, олимпиададан результат алууга жетишибиз зарыл.

Быйыл Абдрашитовна ар бир чейректе тест алат. Бардык предметтер боюнча.

Мектеп комплектөөсү боюнча 1- класста 7 окуучу, 2-класста 11 окуучу, 3- класста 10 окуучу,

4- класста 9 окуучу, 5-класста 5 окуучу, 6- класста 11 окуучу, 7- класс 7 окуучу, 8- класс 7 окуучу,

9-класс 7 окуучу.

Предметниктерге сааттар төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү , класс жетекчилик.

0 класс - Тотуева А. -15 саат, 480 саат
1- класс- Мокушева А. -17 саат
2- класс- Орозалиева Д. -17 саат
3- класс - Мойчекирова Ф. -17 саат, 7 саат биология
4- класс– Кабылова Б. -18 саат
5- класс – Абдулканова Э.- 28 саат кыргыз тили
6- класс- Абдыкадырова А.- 17 саат орус тили
7- класс – Кучукова Г.-19 саат англис тили
8- класс- Султанова Р. -20 саат математика
9- класс –Сарыбаев С. 18 саат+3 саат ИЗО, дене тарбия

Капарова М. 12 саат химия, география

Джусупова Г. 12 саат орус тили

Жаманкулов К. 13 саат ОИВТ, физика

Джусупова Н. 14 саат тарых

Сабакка келбей калган окуучуну дароо издеп, алып келип отургузгула. Поурочный пландарды

1-күндөн баштап жазгыла, плансыз сабакка кирбейсиңер.

Кабинеттер окуучуларды кабыл алууга даяр, бардык кабинеттер акталып сырдалган. Бир сыйра чаңдарын сүртүп, жууп тазалап койгула.

Билим күнүнө линейкага жакшылап даярдангыла. Билим күнүнүн сабактарынын планын жазып, кол койдургула.

Кимде кандай суроо, каалоо, сунуш бар, айткыла.

1-сентябрдан баштап жаңы директор менен иштейсиңер, мени кандай сыйласаңар аны да ошондой сыйлагыла. Жардам бергиле, мектепти сактап калыш үчүн бтр кишидей ынтымаута богула, баарыңардын ишиңерде ийгилик болсун.

Чечим кылынды:

1. Сааттар сунушталган тартип боюнча бөлүштүрүлсүн.
2. Класс жетекчилик бекитилсин.
3. Салтанаттуу линейка жана билим күнүнүн сабактары уюшкандыкта, жакшы деңгээлде өткөрүлсүн.

Директор: Джусупова Н. С.

Катчы: Тотуева А. С.

Протокот № 2

4.11.19 Ж

1. Мугалимдердин саны – 14
   Катышканы - 11

Күн тартибинде:

1. 1- чейректин жыйынтыгын угуу, талкулоо.
2. 5- класстын адаптациясы.
3. Нсаатчылардын отчётун угуу, аны талкулоо. Мугалимдердин педагогикалык чыгармачылыгы.
4. Старттык иштердин жыйынтыгы.

Педсоветти директор Джусупова Н. ачып күн тартибинде каралуучу маселелерди тааныштырды. Анда эмесе урматтуу мугалимдер биринчи маселеден баштасак, ар бир класс жетекчилер отчётторуңарды бериңиздер.

1- класс боюнча Мокушева Азимкүл
бардыгы 7 окуучу 6 эркек, 1 кыз.

1-класстын окуучуларына баа коюлбагандыктан ударник, отличниктер жок. 4 окуучу жетишип окуй алышат. 3 окуучу жетишпейт. Жусупов Б. Кабылбеков Ж. Съездбеков Б.

2-класс класс жетекчи Орозалиева Динара

бардыгы 11 окуучу 7 бала, 4 кыз

Окуучулардын билим деңгээли боюнча 2 окуучу техника чтениядан нормадан ашат, 2 окуучу нормага жетет. Калган окуучулар нормага жетпейт.

3-класс Мойчекирова Фарида

бардыгы 10 окуучу 5 кыз, 5 эркек.

2 отличник, 4 ударник, билим сапаты 60% окуучулар толук китеп менен камсыз болушкан. Ата- энелер 27 китеп сатып беришкен. Турмуш шарты оор жашаган бир окуучу Өмүрбеков Азим.

4-класс Кабылова Бегимай

бардыгы 8 окуучу 7 эркек, 1 кыз

4 ударник, отличник жок, билим сапаты 57% Окуучулар китеп менен толук камсыз болгон. Начар окуган окуучу Асанбаев А. Мааданбеков М. техника чтениясынан жетишпеген окуучулар Асанбаев А. Мааданбеков М. Малабек уулу А.

5- класс Абдулканова Элнура

бардыгы 5 окуучу 3 эркек, 2 кыз

1 ударник Жекшенова Айназик, билим сапаты 20% Окуу китептери менен толук камсыз болушкан.

6- класс Абдыкадырова Айгул

бардыгы 11 окуучу 8 эркек 3 кыз

2 ударник, отличник жок.

Окуучуладын окуу китептери жетишпейт. Начар окуган окуучу Кошчиев Нурсултан . келген кеткен жок.

7- класс Иманалиева Чолпон

бардыгы 7 окуучу 3 эркек 4 кыз

3 ударник. Окуучулардын бардыгы китеп менен камсыз болушкан. 1 окуучу сентя брда келген Балыкчыдан. Кермакунова Каныкей. Билим сапаты 28%

8- класс Султанова Расия

бардыгы 7 окуучу 3 эркек, 4 кыз

Окуу китептерден литература жетишпейт. Келген кеткен жок. Ударник, отличник жок.

9-класс Сарыбаев Сагынбек

бардыгы 8 окуучу 3 эркек, 5 кыз

2 ударник Карабеков А. Марс кызы А. 1 окуучу сентябрда келген Кара Булактан. Марс кызы А билим сапаты 28%

5- класстын адаптациясы.

5- класстын окуучуларын 4- класстан бир, эки мугалим сабак берсе эми 5- класстан ар башка мугалимдер болгондуктан окуучулардын мүнөзүн билип класс жетекчиси менен сүйлөшүп, ата- энелер менен тыгыз байланышта болуу менен окутуу жүргүзөбүз.

Насаатчылардынотчётун угууда насаатчы мугалим Мойчекирова Фарида эки жаш мугалимге насаатчылыгын Орозалиева Динара жана Кабылова Бегимай. Насаатчынын планы, журналы бар экенин көрсөттү. Сабактарына катышып журналдарды, план жазгандарына кршумчалап көрсөтүп жардам берип турам.

Мугалимдердин чыгармачылыгы тууралуу.

Абдулканова Элнура сабакка чыгармачыл изденүү керек болсо проектор менен сабак өтүлүш керек . Декадаларда предметтик мугалимдер чыгармачыл менен өткөрсө жаңы метод, ыкмаларды колдонуп жаш мугалимдерге көрсөтсөк. Күндөлүк сабактын пландарын стандартка ылайыктап жазалы.

Старттык текшерүү иштердин жыйынтыгы боюнча Жусупова Нургүл төмөндөгүдөй түшүндүрүп отчёт берди. Ар бир класстар боюнча жана предметтер боюнча. Орточосун алганда

мисалы: кыргыз тили боюнча жетиштүүсү 60%

билим сапаты 40%

орус тили боюнча 50% ж.б

Ар бир мугалим өздөрүнүн жыйынтыктарын өзгөчө биология боюнча айтсак 7- класс, 8- класс, 9- класстын окуучулары менен көбүрөөк иштеш керек. 12% эң начар көрсөткүч. Математикадан 7- класс, 8- класстын окуучулары менен дагы өзгөчө иштеш керек 14%

Төмөндөгүдөй көрсөткүч биология предметинен 7- класс, 8- класс 0%

Чечим кылынды:

1. 1- чейректин жыйынтыгын 2- чейректе билим сапатынын көрсөткүчү жогорулатылсын.
2. 5- класстын адаптациясы окуучулардын ар биринин мүнөзүнө жараша мамиле жүргүзүлсүн.
3. Мугалимдердин чыгармачылыгын мындан ары изденүү менен иш алып барылсын жанан көзөмөлдөнсүн.
4. Старттык текшерүү иштер боюнча билим деңгээли төмөн болгон окуучулар менен иш алып барылсын. Башталгыч класстын окуучуларынын окуу темпинин нормалары аткарылсын.

Директор: Джусупова Н.С.

Катчы: Султанова Р.

Протокол № 3

03. 01. 20

Мугалимдердин саны – 14

Катышканы -

Күн тартибинде:

1. 2- чейректин жыйынтыгын талкулоо.
2. Окутуу – тарбиялоодо ден соолукту сактоо, ага кам көрүү боюнча талкуу.
3. Иш кагаздарынын алып баруусу.

Кеңешмени директор Джусупова Н. С. алып барып, мугалимдерди күн тартиби менен тааныштырды.

Мугалимдер 2- чейрек боюнча отчётуңарды бергиле.

Мокушова А. 1- класс

Класста 7 окуучу, 6 эркек, 1 кыз

Үч окуучум начар болуп жатат. Торт окуучум жакшы. Начар окуучуларымда да жылыш болуп атат. Кабылбеков эле такыр жетишеалбай жатат. Математикадан жакшы, окуу техникасынан жетише албай жатат үч окуучум.

Орозалиева Д. 2- класс

2- чейректе 11 окуучу, 7 эркек, 4 кыз.

Адабий окууданокуу техникасынан жетишкени, жетишпегени, ашканы. Дүйшекеева А. Бардык сабактар боюнча жетишпейт. Тесттерден да Дүйшекеева жооп берген жок. 1 муундуу сөздөрдү окуйт, кошуп окуй албайт.

Мойчекирова Ф. 3- класс

10 окуучу, 5 кыз, 5 эркек

2 отличник Тотуева А. Бактыбеков Э. Ударниктер Курманбекова Р.

Кабылова Б. 4- класс

Класстам 8 окуучу бар 1 кыз, 7 эркек

Ударниктер Кубанычбекова А. Сыргаков А.

5-класс

Класста 5 окуучу, 3 эркек, 2 кыз

Класс жакшы, ударник Жекшенова А. Исламдан ОИВТдан, Мирбекке чет тилден 3 чыгып калды. Жетишүү сапаты- 20%.

6- класс

11 окуучу, 4 ударник, билим сапаты- 45% Базаров, Кадыркулова, Осмонбаев, Мажитов, Токтомушева.

7- Класс

Бардыгы -6 3 кыз, 3 эркек

Амантурова М. Кубанычбекова А. Малабек кызы М. ударниктер, 3 окуучу орто, Кубанычбеков ударник болмок бирок окубайт.

8- класс

Султанова Р. Менин классымда 7 окуучу бар. Ударник да, отличник да жок. Усмандан 2 сабактан үч, Сайкалдан 2 сабактан үч. Билим сапаты 0 % болуп калды. Сезим күндө кечигет, түшүнүк каты толуп кетти.

9-класс

Сарыбаев С. 9- класста 8 окуучу 3 эркек, 5 кыз. Ударник бир эле Марс кызы Айым. Карыбековдон орус тилден үч чыгып калды. Жаналиев англис тилден бешке окуп атат. Билим сапаты – 12,5% Мадинада үчтөр көп.

Джусупова Н: Көрдүңөрбү, жыйынтык начар. Ошон үчүн жакшылап иштегиле, тесттерди алып иштегиле. Зээндүү окуучулар менен иш алып баргыла.

Иш кагаздарынын алып баруусу боюңча календарлык, поурочный пландар, тарбия планы, дежурствонун жүргүзүлүшү, зээндүү окуучулар, начар окуучулар боюнча папкалар, бардык иш кагаздарынын жүргүзүлүшү тартипке келтирилсин.

Полдун жуулушу боюнча, Апал эженин айлыгы аз болгондуктан, 6 саат тургусу келбейт, башталгыч класстар полун жууганга ата- энелер макул болбой жатышат, акча чогултуп бергенге.

Зээндүү окуучулар менен иштөө папкасы, календарлык, поурочный пландар 6- январга чейин толуктагыла.

3- чейректин башында 8-9- класстар үчүн ата –энелер жыйналышы же педсовет өткөрүлсүн деген сунуш айтылды.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешмеде чечим кылынды:

1. 1 сабактан ударник, отличниктикке жетпей калган окуучуларга көңүл бурулсун.
2. Окуучулардын ден соолугун сактоого камкордук көрүлсүн.
3. Иш кагаздары убагында, сапаттуу алып барылсын.

Директор: Джусупова Н.С.

Катчы: Тотуева А.С

Протокол № 4

12. 03. 2020.

Мугалимдин саны- 15

Катышканы – 13

Күн тартибинде:

1. 3-чейректин жыйынтыгын талкулоо
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук сыйлыктары жөнүндө жалпы жоболор менен Алтымыш негизги мектебинин пед. колл. тааныштыруу жанан сыйлыктарга татыктууларды тактап, талкулоо, чечүү.
3. Мугалимдердин кесиптик деңгээлин өнүктүрүү боюнча аткарган иштерди баалоо.

1. Пед. Кеңешмени мектептин директору Джусупова Н. С. ачты, пед. кеңешменин күн тартиби менен тааныштырды. Бүгүнкү пед. кенешмеде 13 мугалим катышып жатат. Экөө суранып кетишти. Анда эмесе пед. кеңешмени баштай берели. Биринчи суроо боюнча 3- чейректин жыйынтыгынан баштайлы. 1- класстын класс жетекчиси Мокушева Азимкүл отчётуңарды бере бергиле.

Мокушова А: 1- класста 7 окуучу окуйт, чейрек ичинде кеткен келген окуучулар болгон жок. 1- класстагы окуучулар таза жана сулуу жазганды үйрөнүштү, муундап окуп жатышат, ал эми бир эле окуучу Кабылбеков Жантөрө окуу жагынан жетишпей жатат. Калгандары жакшы.

Директор Джусупова Н.С:

Азимкүл эже ушул классты 0-дон баштап өзүңүз окуттуңуз, балдар 0-дон элн муундап окуганды билиш керек эле, ал эми биринчи класста кыска сөздөрдү шар окуганды үйрөнүш керек эле. Сиз окуу темпин нормасына жеткирүүнүн үстүнөн көп иштешиңиз керек.

2- класстын мугалими Орозалиева Динара:

2- класста 11 окуучу, 4 кыз 7 эркек. 3- чейректе 2 отличник, 3 ударник болду. Чейрек ичинде келген, кеткен балдар болгон жок.

Мойчекирова Фарида:

3-Класста 11 окуучу баары: анын ичинен 6 кыз , 5 эркек. 3- чейректе: 3 отличник, 5 ударник болду. Чейрек ичинде келгени: бирөө. Ал Мааткaзиева Фатима Нарын обл. Ат- Башы районунун Кара- Суу айылынан келди. Бул кыздын делосунда бештер экен. Чынында эле Фатима жакшы окуйт экен. 3- чейректе Фатима отличник болду.

4-класста 8 окуучу болчу, бир окуучу шаарга апасынын колуна кеттип, азыркы учурда класста 7 окуучу калды. Класста 1 кыз, 6 эркек, анын ичинен 1 отличник, 4 дуарник бар.

5-класс 5 окуучу, 2 кыз, 3 эркек. Келген, кеткен болгон жок. 3 ударник.

6-класс 11 окуучу, 3 кыз, 8 эркек, анын ичинен 5 ударник.

Иманалиева Ч.И.

7-класста 7 окуучу, 3 кыз, 4 эркек, чейрек ичинде Мааткaзиев Кудайберген Нарындан келди. Менде 4 ударник.

Султанова Р.

8-класста 9 окуучу болду, чейрек ичинде 2 окуучу келди, бирөө Кара –Булак мектебинен, бирөө Нарындан. 8-класста 1 эле ударник бар.

Джусупова Н. С:

Эмнеге бул класста 9 окуучу болуп туруп бир эле ударник бар. Предметтик мугалимдер жакшылап карагыла, бул класста Сезим, Айдана, Улукман жакшы окуй турган балдар, алар менен кошумча сабак өткүлө.

Сарыбаев С:

9-класста 8 окуучу, алардын ичинен 5 кыз, 3 эркек. 1 ударник.

Джусупова Н. С:

Сагын агай бул класс бүтүрүүчү класс болсо бир эле ударник бар, бул кандай болот.

Предметник мугалимдерге жолугуп сурады□ыз беле. Ата –энелер чогулушун өттү□үз беле. Айдахан, Мадина эмне болду, эмнеге ударникке жетпей калышты. Алдыда мамлекеттик аттестация келе жатат. Ага даярдык кандай.

Сарыбаев С:

Мен ата- энелерине кыдырып алар менен сүйлөшүп жатам. Мындан ары балдарыбызга көбүрөөк кө□үл бөлөбүз дешти. Мугалимдер кошумча сабактарды өтүп жатышат.

2.Мектептин директору Джусупова Н.С. сүйлөдү:

Анда экинчи суроого өтсөк деп- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин ведомстволук сыйлыктары жөнүндө жалпы жоболор менен Алтымыш негизги мектебинин пед.коллективин тааныштырды.

Ушул сыйлыктарга татыктууларды көрсөтө аласы□ар деп усулдук бирикмелердин жетекчилерине кайрылды.

Мойчекирова Фарида:

Эгер уруксаат берсе□ер мен өзүмдү министрликтин грамотасына көрсөтөт элем, анткени былтыр Шекалиева Мира эже пед.коллективдин колдоосу менен көрсөтүлгөн ушул сыйлыкка мен документтерди чогултуп, эженин колуна тапшыргам. Бирок Мира эжей аны тиешелүү жерге алып барып бербей калгандыктан, мен ушул эле документтерди жа□ыртып берейин эгер мени колдосо□ор.

Анда келгиле добуш берип коёлу.

Бир добуш менен Мойчекирова Фарида эжейдин сыйлыгын колдоп берди пед.коллектив.

Абдыкадырова Айгүл:

Мен болсо башталгыч класстардын арасындагы мугалимдерден Орозалиева Динараны Райондук грамотага сунуштайт элем.

Джусупова Н.С:

Туура айтасыз, Айгүл Джумабековна мен да ушул сунушту колдойм. Себеби дегенде, Динара Муратбековна бизге быйыл эле жаңы келген мугалим болсо да, ал көп иштерди бүтүрдү. Мерсико тарабынан окууга чауырган мугалимдердин арасынан өз ыктыяры менен ментальный арифметиканын окуусун окуп келип, ийгиликтүү мектепте кружок ачып эки группа чогултуп, эң жакшы балдарды үйрөтүп кызыктыра алды. Ошондой эле тамак – аш боюнча жоопкерчиликти өз мойнуна алып азыркыга чейин отчётторун өз убагында, так, туура өткөрүп эч кандай эскертүү албай иштеп келет.

Андан да ИСУОго да жоопкерчиликти алып өз убагында отчётту бүтүрдү. 2- классы эң жакшы класстардын бири. Бул класстын окууга жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрү да жогорку.

Бир добуш менен Орозалиева Динара райондук грамотага көрсөтүлдү.

Эми ушул мугалимдер документтериңерди эрерээк даярдагыла.

3.Анда үчүнчү суроого өтсөк.

Ар бир мугалим өзүнүн кесиптик деңгээлин өнүктүрүүнүн үстүндө иштеп келет.

Ошондой мугалимдердин ичинен мен Мойчекирова Фарида эжейге сөз бергим келет, өзүнүн тажырыйбасы менен бөлүшүп кетсин.

Мойчекирова Фарида:

Мен өз эмгек жолумду Бейшеке орто мектебинен баштагам. Азыркы учурда Алтымыш негизги мектебинде айкалыштырып иштегениме карабастан эки мектепте тең болгон күчүмдү, билимимди, билгичтигимди жумшап келем. Себеби мен бул кесибимди убагында туура тандадым деп айта алам, анткени мен кесибимди сүйөм. Кесибин сүйгөн гана адам дайыма изденүү менен иштеп, көп- көп ийгиликтерди жарата алат деп ойлойм.

Чечим кылынды:

1. Бир сабактан жетпей калга ударник, отличниктерге көңүл бурулуп, кошумча сабактар өтүлсүн.
2. Башталгыч класстардын мугалимдери:
   Мойчекирова Фарида министрликтин сыйлыгына, Орозалиева Динара райондук сыйлыкка каралсын.
3. Жаш мугалимдерге атайын " Устат жана шакирт" мектеби уюштурулуп, алар менен иш алып барылсын.

Мектеп директору: Джусупова Н.С.

Катчы: Тотуева А.С.

Пртокол №5

28.05.2020.ж

Мугалимдердин саны- 15
Катышканы -13

Күн тартибинде:

1. Класстан класска көчүрүү. Окуучулардын жетишүүсү жана окуу программасынын аткарылышы жөнүндө маалымат чогултуу.
2. 9- класстардын окуучуларын жыйынтыктоочу аттестацияга киргизүү.
3. Мугалимдердин саатарын бөлүштүрүп кийинки окуу жылына топтоштуруу.

1. Мектеп директору сүйлөдү:
Баары 13 мугалим болду. Өзүңөр көрүп тургандай кырдаалга байланыштуу бүгүнкү биздин пед.кеңеме жылдагыдан өзгөчө онлайн режиминде болуп жатат.

Анда биринчи суроого өтө берсек. Класс жетекчилер 1-9- класска чейин өз отчётуңарды бергиле.

1-класс 7 окуучу , 1 кыз, 6 бала, келген, кеткен жок.

2-класс 11 окуучу, 4 кыз, 7 бала, келген кеткен жок, 3 отличник, 6 ударник.

3-класс 11 окуучу, 5 бала, 6 кыз, келген кеткен жок, 5 отличник, 3 ударник.

4-класс 7 окуучу 1 кыз, 6 бала, келген кеткен жок, 1 отличник, 4 ударник.

5-класс 5 окуучу, 2 кыз, 3 бала, келген кеткен жок.

6-класс 11 окуучу, 3 кыз, 8 бала, келген кеткен жок, 5 ударник.

7-класс 7 окуучу, 3 кыз, 4 бала, келген кеткен жок, 4 ударник.

8-класс 9 окуучу, 5 кыз, 4 бала, келген кеткен жок, ударник да, отличник да жок.

9-класс 8 окуучу, 5 кыз,3 бала, келген кеткен жок, 1 ударник.

Директор:

Окуу пландарынын аткарылышын баарыңар толтурдуңар, өткөрдүңөр.

Журналды толтуруп жатканда 13- марттын тушундагы эскертүүгө "Б.Б.Мнин 14.03.20 жылдын №281/1 буйрйгунун негизинде 16-20-март мезгисиз каникул" деп жазып кол койгонду унутпагыла. 23- марттан 27- ммартка чейин каникул учурунда биз онлайн сабактарды өткөнбүз, ошол числолорду жазганды унутпагыла. Ошондой эле быйыл 25- майда эмес 30- майда бүтөт окуулар, демек 30- майга чейин толтурабыз журналды.

2. Анда эмесе экинчи суроого өтөлү.

Класс жетекчи Сарыбаев Сагынбек:

4- Чейрек боюнча отчётту берди, 9-класстын окуучуларын жыйынтыктоочу аттестатцияга киргизебизби.

Баары бир добуш менен киргизилсин деп жооп беришти.

1. Дүйшөнкулов Джейсан
2. Джаманалиев Сыймык
3. Иманалиева Малика
4. Карыбаев Айдархан
5. Саманчиева Перизат
6. Уран кызы Мадина
7. Уран кызы Малика
8. Марс кызы Айым

9-класстын окуучулары экзаменге киргизилди.

Мектеп директору:

Экзамендин графиги менен чыр-чатактарды кароо комиссиясы менен таанышып алгыла.

Дагы айта кетейин, быйыл отпускага көбүңөр 1-июндан баштап чыкмай болдуңар, ал эми экзамен убагында иштей турган комиссиянын составындагы мугалимдер, дежурныйлар, ассистенттер силер он бешинен баштап бошойсуңар. Графикти мен вотсапка тартып сүрөтүн жиберем, баарыңар таанышып чыккыла.

3. Баардык усулдук бирикменин жетекчилери мугалимдериңердин саатарын сурап жазып чыктыңарбы, анда угузуп койсоңор.

Башталгыч класстын У.Б.жетекчиси:

Мойчекирова Фарида биздин бирикмеде бардык мугалимдер төртөө. Быйыл

1-класс Кабылова Б. 16 саат.

2-класс Мокушева А. 17 саат

3-класс Орозалиева Д. 17 саат

4-класс Мойчекирова Ф. 18 саат

Табигый илим. У.Б.жетекчи жана тилчилер Абдыкадырова А.

Химия, география- Капарова Махабат 12 саат

Биология- Мойчекирова Фарида 7 саат

Тарых, адам жана коом- Джусупова Н. 14 саат

Физика, информатика- Жамангулов К. 13 саат

Орус тили чо□ класс- Абдыкадырова А. 16 саат

Орус тили башталгыч класс- Джусупова Г.С. 12 саат

Математика - Султанова Р.20 саат

Сарыбаев С музыка, сүрөт, дене тарбия, У.Б.жет: биздин У.Бде эки мугалим Шекалиева Мира жана мен.

Шекалиева М. – музыка, кол эмгек 6 саат жана кружок бар.

Меники дене тарбия, чийүү, сүрөт- 19 саат

Мектеп директору сүйлөдү:

Анда баарыңардын саатыңарды уктук, быйыл эми талап катуу болуп жатат.

Мисалы: Сагын агай канча жылдан бери дене тарбияны берип жүрөсүз, бирок дипломуңузда сүрөт мугалими деп жазылган, быйыл сиз дене тарбия боюнча КАОга барып окуп сертификат алып келбесеңиз, сиздин дене тарбиядагы саатарыңар вакантка коюлуп калат.

Дагы айтайын деген эки суроо бар эле. Жамангулов Кенжебек агайдын саатары жана Шекалиева Мира эженин сааттары боюнча, бирок алар бүгүнкү пед.кеңешмеге катышпай калганына байланыштуу бул суроо каралбай калды.

Ошондо өзүнүн кесиби менен иштебеген мугалимдердин жана башка мектептен келип айкалыштырып иштеген мугалимдердин сааттары вакантка коюлат.

Калган мугалимдер өз ордунда, өз саатары менен калып жатат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешмеде чечим кылынды:

1. 0-класстан баштап 8-класска чейинки окуучулардын баары класстан класска көчүрүлсүн.
2. 9-класстардын окуучулары толугу менен жыйынтыктоочу аттестатцияга киргизилсин.
3. КАОнун сертификаты жок мугалимдер быйыл окуп келишсин. Аталган мугалимдердин сааттары вакантка коюлсун.

Мектептин директору Джусупова Н.С.

Катчы: Тотуева А.С

Протокол № 6

12.06.2020.

Катышкандар - 13

Каралуучу маселелер:

1. Алтымыш негизги мектебинин 9- классынын окуучуларынын мектепти аяктагандыгы тууралуу.
   Жыйналышты директор Джусупова Н.С.ачып , күн тартиби менен тааныштырып, сөздү 9-класстын класс жетекчиси Сарыбаев Сагынбекке берди.

Сарыбаев С:

Быйыл мектепти 8 окуучу бүтүрүп жатат. 5 кыз, 3 эркек.

Ударниктердин саны-2, Марс кызы Айым жана Карыбеков А.

Дүйнөдө болуп жаткан кырдаалга байланыштуу, быйылкы мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация онлайн режиминде өттү. Окуучулар төрт предметтен экзамен беришти. Экзамен учурунда бардык тартиптер жана санитардык нормалар эске алынып, тартиби менен өттү.

Джусупова Н.С:

Кемин Р.Б.Б.Б 202- жылдагы №301/1 буйругунун негизинде мектепте окуу жылы 30- майда аяктады.

2019/20- окуу жылы үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестатциясын өткөрүү тартиби жөнүндө убактылуу жобого ылайык атайын мектептин бүтүрүүчүлөрүн аттестатциялоо боюнча план түзүлгөн, беш кишиден турган “Талаш- тартышты карoo” комиссиясы түзүлгөн.

Ошондой эле мектептин аттестацияны өткөрүү боюнча жүгүртмөсү да өз убагында түзүлүп, экзамен убагында 9-класстын окуучуларынын чейректик текшерүү иштери, баалары жарым жылдык жана жылдык баалары эске алынып, санитардык нормалар жана тартиптер сакталып өтүлдү.

Көрсөткүчтөр төмөнкүдөй болду.

| № | Предмет | Окуучунун саны | жетишүү | сапаты |
|---|---|---|---|---|
| 1 | математика | 8 | 100% | 100% |
| 2 | Кыргыз тили | 8 | 100% | 100% |
| 3 | Орус тили | 8 | 100% | 100% |
| 4 | Кыргызстандын тарыхы | 8 | 100% | 100% |

Мен бүгүн барып күбөлүктөрдү алып келем, күбөлүктөрдү толтуруу Абдыкадырова А. Тотуева А.га милдеттендирилип жатат, ошондуктан буга макулсуңарбы?

Күбөлүктөрдү катасыз толтурууңарды эскерте кетейин, болгону сегиз окуучудан ката кетирсек уят.

Бири□ер бааларды айтып тургула, экинчиңер жазгыла.

Буга аябай жоопкерчилик менен мамиле кылыңыздар, сураныч.

Эч ким каршы эмеспи?

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешмеде чечим кылынды:

9-класстын 8 окуучусу Алтымыш негизги мектебинин бүтүрүүчүлөрү деп эсептелсин.

1. 9-класстын негизги билими жөнүндөгү күбөлүктөрүн толтуруу Абдыкадырова А, Тотуева Ага милдеттендирилсин.
2. Күбөлүктөр өз убагында толтурулуп, тапшырылсын.
3. Аттестациянын жыйынтыгы канааттандырарлык деп.

Директор: Джусупова Н.С.

Катчы: Тотуева А.С.

Протокол № 7

27.08.2020.ж

Катышкандар -14

Күн тартибинде:

1. Электрондук күндөлүк, электрондук журнал боюнча.
2. Комплекттөө, жумалык жүктөмдөрдү бөлүштүрүү.
3. Мугалимдер менен эмгек келишимин түзүү.

Жыйналышты директор Джусупова Н.С ачып жамаатты жа□ы окуу жылы менен куттуктап, күн тартиби менен тааныштырды.

Сөз мугалим Орозалиева Д.Мга берилди. Ал электрондук күндөлүк жана журнал боюнча түшүнүк берди.

Электорндук күндөлүк дегенде мугалимдер жактырбагандай болуп атышат. Айрыкча 1-2-класстар баа коюлбаса, эмне кереги бар деп жатышат. Күндөлүк баа үчүн эле эмес, ал жерде мугалимдердин ишмердүүлүгү бүт камтылат. Мониторинг, отчёт автоматтык түрдө чыгат. Жаман жери мугалимдерге толук маалымат жеткен жок, толук түшүнүк берилген жок.

Джусупова Н.С:

Комплектөөгө келсек, быйыл окуу жүктөмдөрү төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү.

Джусупова Н- 10 саат тарых, 4 саат вакант

Абдыкадырова А- 18 саат орус тили

Орозобекова Ж – 28 саат кыргыз тили

Кабылова Б – 17 саат 1-класс

Мокушова А -17 саат 2-класс

Орозалиева Д- 17 саат 3-класс

Сарыбаев С – 18 саат ИЗО +5 саат дене тарбия=23 саат

Султанова Р- 20 саат математика

Мойчекирова Ф- 18 саат 4-класс + 8 саат география = 26 саат

Капарова М- 7 саат биология + 4 саат химия= 11 саат

Жылкычиев К- 10 саат

Джусупова Г- 12 саат орус тили башталгыч класс

Шекалиева М- 6 саат музыка, кол эмгек

Иманалиева Ч – 20 саат англис тили

Тотуева А- 480 саат

Класс жетекчилик:

1-класс- Кабылова Б.Б.

2-класс- Мокушева А.Б.

3-класс- Орозалиева Д.М.

4-класс- Мойчекирова Ф.У.

5-класс- Орозобекова Ж.А.

6-класс- Сарыбаев С.А.

7-класс- Абдыкадырова А.Д.

8-класс - Иманалиева Ч.И.

9-класс- Султанова Р.Т.

Үчүнчү маселеге келсек, эмгек келишими аныкталган, аныкталбаган мөөнөткө түзүлөт. Эки жактан келип иштегендер, пенсия курагындагылар бир жылдык мөөнөткө келишим түзүшөт. Эгер дипломдуу адис келсе, орду□арды бошотуп берүүгө туура келет.

Азыр келишим түзөбүз, ошол келишимде көрсөтүлгөн милдеттерди так аткарасы□ар.

Чечим кылынды:

1. Электрондук күндөлүк, электрондук журналга бардык мугалимдер киргизилсин.
2. Сунушталган жумалык жүктөмдөрү бекитилсин.
3. Эмгек келишими сакталсын.

Директор: Джусупова Н.С

Катчы: тотуева А.С.

Протокол № 8

15.11.2020.ж

Катышкандардын саны: 14

Күн тартибинде:

1. 2019/20- окуу жылындагы жамааттын иш-аракетин талдоо 2020/21-окуу жылынын милдеттери
2. 1-чейректин жыйынтыгы
3. Тарбиялоо процессинде колдонулуучу жаңы технологиялар
4. Ар кандай суроолор

Пед.кеңешмени директор Джусупова Н ачып, күн тартиби менен тааныштырды.

Кымбаттуу коллегалар, өткөн окуу жылында аткарылган иштер тууратуу айтсак, окуу процесси үзгүлтүккө учурабай, бардык сабактар жана иштер план боюнча өтүлдү. Ар бир мугалим өз ишине жоопкерчилик менен мамиле кылып, ата-энелер менен биргеликте иш алып барылды. ИДН, ФАП кызматкерлери менен да үзгүлтүксүз байланыш болуп турду.

Кырдаалга байланыштуу апрель айынан баштап, онлайн режимде сабак өтүлдү. Бул учурда да түзүлгөн расписание боюнча сабактар учурунда өтүлүп турду, телесабактарга да кө□үл бурулду.

7-апрель окуяларына, жеңиштин 75 жылдыгына, 1-июнь күнүнө жана башка даталуу күндөргө онлайн түрүндө иш-чаралар аткарылды.

Быйылкы окуу жылында ушундай эле милдеттер турат. Билим сапатын жогорулатууга, тартип- тазалыкты сактоого, кылмыштуулукка каршы күрөшүү жана башка көптөгөн иш-чаралар уюштурулуп, жогорку деңгээлде өткөрүү зарыл.

Эми 1-чейректин жыйынтыгы боюнча отчёт бериңиздер.

1-класс Кабылова Б.

Класста 9 окуучу бар, 2 кыз, 7 эркек. Бексултанов Б. жана Нурланов М. жаңы келишти. Биз реалдуу режимде окудук. Тамгаларды таанышат, китеп окуй алышат. Кара-Булактан келген бала жакшы өздөштүрө албай жатат.

2-класс Мокушева А.

Менин классымда 7 окуучу, 1 кыз, 6 бала. 3 окуучум жакшы окуйт, жазат. 1 окуучум абдан начар, 3 окуучу аралаш баада окушат.

3-класс Орозалиева Д.

Окуу онлайн түрүндө болгондуктан, окуучулардын айрымдары начарлап кетишти. Класста

2 отличниктер , 4 ударник, калгандары "орто" , "ортодон жогору" бааларга окушат.

4-класс Мойчекирова Ф.

Менде 10 окуучу, 5 кыз, 5 эркек. 2 отличник, 5 ударник, 3 орто окуган окуучу.

5-класс Орозобекова Ж.

Класста 7 окуучу, 1 кыз, 6 эркек. Ашубеков отличник, 3 ударник.

7-класс абдыкадырова А.

Класста 12 окуучу, 4 кыз, 8 эркек. Отличник жок, 4 ударник.

8-класс Иманалиева Ч.

Класста 7 окуучу, 4 кыз, 3 эркек. Отличник жок, 3 ударник.

9-класс Султанова Р.

Класста 9 окуучу, 5 кыз, 4 эркек. Отличник жок, 2 ударник.

Коллегалар, көрдү□үздөрбү, отличниктер жок, быйылкы милдет, отличниктерди чыгаруу, 1, 2 сабактан жетишпеген балдарды тартуу. Тарбиялоодогу жа□ы тенологияларды колдонуу зарыл. Класстык, тарбиялык саатарды мыкты де□гээлде өткөрүү, ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп, ИДН участкалык инспекторлор менен биргеликте иш алып баруу зарыл.

Чечим кылынды:

1. Коюлган милдеттер аткарылсын.
2. Ударник, отличниктердин саны көбөйсүн.
3. Жа□ы технологиялар колдонулсун.

Директор: Джусупова Н. С.

Катчы: Тотуева А.С.

Протокол № 9

15.01.2021.ж

Бардык мугалимдер: 15

Катышканы: 14

Күн тартибинде:

1. 2-чейректин жыйынтыгы
2. Мектептеги пед.коллективден сыйлыктарга татыктууну тандоо, талкулоо, чечүү.
3. Ар кандай маселелер

Пед.кеңешмени мектеп директору Джусупова Н.С. ачып, күн тартиби менен тааныштырды.

Биринчиден бардыгыңыздарды жаңы жылыңыздар менен куттуктайм. Жаңы дем жаңы күч менен иштөөгө даярбыз го.

Биринчи суроо боюнча 2- чейректин жыйынтыгын класс жетекчилер отчётуңарды бергиле.

Класс жетекчи: Орозалиева Д.

3-класста 11 окуучу, 4 кыз, 7 бала. Отличниктер 2, ударниктер 4, 5 окуучу канааттандыраарлык деген баага татыктуу болушту. Дүйшекеева окуудан кыйналат. Окуу программасы толук өздөштүрүлдү.

Абдулканова Э.

1-класста 8 окуучу, 2 кыз, 6 эркек. Китеп окуй алышат, нормадан ашкан окуучулар бар.

Мойчекирова Ф.

4-класс Жайлобеков 4-класстын деңгээлине жеткен жок. Баары эле жетишет, нормага жетпейт, кошуу, кемитүүнү билет, көбөйтүү, бөлүүгө мээси жетпейт. Тамга таанып 20 сөз окуйт, эмне кылалы, көчүрө берелиби? Жат жазууну жакшы жаза албайт. Жаттоого жакшы. Сотресение да алган. Жазында комиссияга алып барып көрөлү.

Мокушева А.

Класста 7 окуучу болчу, 2 окуучу келди. 9 окуучу. Кабылбеков начар, айткан нерсени бат эле унутуп калат. Тапшырманы так аткарып келбейт. Бардык окуучулар китеп окуй алышат. Жат жазуу, текшерүү иштерди жакшы жазышат. Жантөрө менен берик эле начарыраак болуп атат. Кабылбеков былтыр сүйлөчүү эмес, быйыл балдарга аралашып сүйлөп калды.

Башталгыч класстарда норма жат жазууда:

1-класс Беганас начар экен, бирок иштесе болот.

2-класс Берик окубай койду. 2 тыбыш окуйт, көп тамганы окубайт. 2-класска кошумча жардам берилди.

4-класс Тыныч деле башка окуучуларга салыштырмалуу жакшы.

МЕРСИКО менен да иштейбиз, “китепканага саякат” сабагы өтүлдү. Китеп окуу боюнча да сабак өтүлдү.

1-чейрек менен 2-чейректин ортосунда күзгү лагерь да өтүлдү. МЕРСИКО белектерин да тапшырды.

5-класс:7 окуучу, 1-чейректе Нурэл отличник болгон, онлайн окууда 2-чейректе 2 сабагынан жетишпейт деди. Азис орто менен келатат. Үйдө шарты жок, ударникке жетпей атат. Арууке окуй турган кыз, бирок эрке, тентек, айтканды укпай отуруп алат. Арсенди акимият кайра эле биздин моюнга илди, келсе келди, келбесе келген жок деп отчёт беришибиз керек. Ар бирибиз жоопкерчилик менен мамиле кылып, карайлы, көргөнүбүздү жашырбай айтып туралы. Байкеси күнүгө келип контролдоп, полду жуудуруп жатат.

7-класс: 12 окуучу, 4 ударник, калгандары орто. Мажитов 2 сабактан жетпейт, Сүйүндүкова 2 сабактан жетпейт, кыргыз тили жана адабияттан, анткени орус мектептен келген.

8-класс: 7 окуучу, 4 кыз, 3 эркек. Кадырова ударник, 3 кызды көтөрүп ударник кылдык, бул чейректе жетпесе, эч кимден сурабайм, алган баасын коё бергиле. Жогорку класстын рейтингин түшүрбөйлү деп, бааларды коюп жатабыз. Эмне үчүн пропусктарды койбойбуз?

Джусупова : Эгер себепсиз болсо, койгула. Келген жок деп коё берсек 7ден 3өө жок болсо, 4 балага сабак өтөбүзбү?

Джусупова:

Пневмания болгон үй-бүлөөдө, окуучуну келтирбеш керек, класстагы окуучуларга информацияны туура бергиле. Атасы, апасы үчүн эмес, бала өзү ооруп жатат деп айткыла.

Ата –энелер менен тил табышканды үйрөнгүлө.

9-класс: 9 окуучудан бирөө кетти. Өткөн чейректе Сезим ударник болгон, 2-чейректе чийүүдөн 3 экен, суранып атып 4 кылдык. 2 ударник: Усенбекова С, Идрисова С.

1-суроону жыйынтыктайлы.

2-маселеге өтөлү.

1. Класстык журнал
2. Электрондук журнал
3. Календар-тематикалык план
4. План –конспект
5. Предмет боюнча чейректик отчёт
6. Техникалык коопсуздукту сактоо
7. Аттестация, олимпиада
8. Окуучунун мүнөздөмөсү
9. Күбөлүк алуу боюнча маалымат
10. Окуучунун өздүк делосу
11. Тарбия ишинин планы, отчёт
12. Соц.паспорт класстын
13. Тамактануу боюнча табель
14. Класс жетекчилер менен болгон отурумдун протоколу

3-маеле:

Кесиптик билимди өнүктүрүү боюнча кыргыз тили мугалими Орозобекова Ж, башталгыч класстын мугалими Абдулкановалар семинарга барышты.

Орозалиева Д:

Райондон эмне үчүн 2 койбойсуңар деди,реалдуу бааларды койгула, питание боюнча 1-2-класстын эжейлери тамакты даамдап көрүп айтып турасыздар.

Медиабурчка сабактарды киргизишибиз керек, мага жардамчы керек, Абдулкановады бекитип бергиле.

Башталгыч класстар питание үчүн акча чогултат, МЕРСИКО бүтөт. Азыртан ата-энелерге айтып кулак кагыш кылгыла.

Бул жуманын тарбия сатынын темасы "Жашоо керемет", "Суицид боюнча".

Ушуну менен кеңешме соңуна чыкты. Ырахмат баардыгыңыздарга!

Чечим кылынды:

1. Окуучулардын билимдери реалдуу бааланасын.
2. Иш кагаздары талапка жана нормага ылайык жүргүзүлсүн.
3. Билимин өркүндөтүүгө барган мугалимдер семинар өтүшсүн.

Директор: Джусупова Н.С.

Катчы: Тотуева А.С

Протокол № 10

23.03.2021.ж

Катышкандардын саны- 13

Каралуучу маселелер:

1. 3-чейректин жыйынтыгы.
2. Ментептин пед.коллективинен сыйлыктарга татыктууларды тактоо, талкуулоо, чечүү.
3. Мектептин өнүгүү программысына ылайык маселелерди талкуулоо.

Пед.кеңешмени Джусупова Н.С. ачып, каралуучу маселелер менен тааныштырды.

Урматтуу коллегалар, саламатсыздарбы, бүгүнкү кеңешмени ачык деп жарыялайм.

Кеңешмедеги 1-маселе 3-чейректин жыйынтыгы. Азыр ар бир класс жетекчи өз отчётуңарды бергиле.

1-класс Абдулканрва Э.

Менин классымда 9 окуучу, 2 кыз, 7 эркек бала. Сабакка үзбөй катышышат, келип кеткендер жок. Алиппени бир окуучудан башкасы окуй алышат. 30дан 70ке чейин сөз окуган окуучулар бар. Бир окуучум ден соолугуна байланыштуу жакшы окуй албай жатат. Жазганды, эсептегенди билишет.

2-класс Мокушева А.

Менин классымда 9 окуучу, 3 кыз, 6 эркек бала.

Отличниктер 2, ударниктер 3, Кабылбеков начар, калгандары жакшы.

3-класс Орозалиева Д.

Класста 11 окуучу бар. Кыздар 4, балдар 7. Чейрек ичинде келип кеткендер болгон жок. 11 окуучудан 2 отличник, 6 ударник, 3 окуучу аралаш бааларга окушат. Өтө начары

Дүйшөкеева А. ден соолугуна байланыштуу.

4-класс Мойчекирова Ф.

4-класста 9 окуучу, 10 окуучу болчу Асанбекова А. кетти. 4 кыз, 5 эркек бала. Отличниктер 3, ударниктер 3, 3 окуучу ортр окуйт. Окуу техникасынан 2 окуучу жетишпейт. Жайлобековду комиссияга алып баруу зарыл.

5-класс орозобекова Ж.

Класста 7 окуучу, 1 кыз, 6 эркек, келген кеткени жок. Отличник жок, ударник 2.

7-класс Абдыкадырова А.

Баардыгы 12 окуучу, 3 кыз, 9 эркек. Отличниктер жок, ударниктер 4. Айрым окуучулар 1,2 сабактан “3” болуп калган.

8-класс Иманалиева Ч.

Баардыгы 7 окуучу, 4 кыз, 3 эркек. Ударник бир эле окуучу Кадырова. 3 окуучудан 1ден 3кө чейинки сабактарынан "орто" деген баа чыгып калган.

9-класс Султанова Р.

Менде 8 окуучу, 3 эркек, 5 кыз. Ударник 1 эле окуучу Усенбекова, 3 окуучудан 1ден 3кө чейинки сабактарынан "3" болуп калган.

Джусупова Н.С:

Көрдүңөрбү, урматту коллегалар, отличниктер жогорку класстарда такыр жок. Ударник боло турган окуучулардан 1ден сабактан жетпей калышкан. Бул эмне дегендик?

Демек, предметниктер менен класс жетекчинин ортосунда байланыш жок. Класс жетекчи кызыкпайт, классым эмне болуп жатат, жетишүү кандай деңгээлде экен деп.

Мындай көңүл коштукту токтоткула. Болгондо да чечүүчү чейрек ушундай көрүнүш, болбойт мындай, иштегиле.

2-маселе боюнча сыйлыкка кимдер татыктуу деп ойлойсуңар, ар кимиңер өз оюңарды айткыла.

Тотуева А:

Менин жеке пикиримде 3-класстын класс жетекчиси Орозалиева ны сунуштайт элем. Себеби жаш болсо да, коллективде иштегенине аз эле убакыт болсо да өзүн жакшы жактарынан көрсөтө алды. Ал билимдүү, жоопкерчиликтүү, өз ишине тыкан,предметин мыкты билген мугалим. Мектепке чын дилинен күйөт, өткөрүлгөн баардык иш- чаралар, ачык, тарбия сааттар ушул Динаранын колунан өтөт.

Орозобекова Ж:

Мен да кошулам бул сунушка, Динара чынында эле сыйлыкка татыктуу. Компьютерди мыкты билгендиктен, бардыгыбыз керек болгон до Динарага кайрылабыз, ал эч убакта жок дебестен, суранычыбызды так, сапаттуу жасап берет.

Мектеп директору: Джусупова Н.С

Катчы: Тотуева А.С.

Протокол № 11

10.05.2021.ж

Катышкандардын саны -13

Каралуучу маселелер:

1. 4-чейректин жыйынтыгы
2. Класстан класска көчүрүү.
3. Окуучулардын жетишүүсү жана программасынын аткарылышы.
4. 9-класстын окуучуларын жыйынтыктоочу аттестацияга киргизүү.

Пед.кеңешмени мектептин директору Джусупова Н.С. ачып, каралуучу маселелер менен тааныштырды.

Ар бир класс жетекчи кезек-кезеги менен өз классынын отчётун угузушту.

1-класс Абдулканова Э.

1-класста 9 окуучу, 2 кыз, 7 эркек бала бар. Чейрек ичинде келип кеткендер болгон жок. Окуу техникасы боюнча айтсак бир окуучу Бексултанов Бегенас нормага жетпейт. Калган окуучулардын окуу темпи 30дан 70 сөзгө чейин окушат, көбү нормадан ашып окушат.

2-класс Мокушева А.

Менин классымда 9 окуучу, 3 кыз, 6 эркек бала. Отличниктер 2, ударниктер 3. Чейрек ичинде келген кеткендер жок. 2-класс толугу менен 3-класска көчүрүлөт.

3-класс Орозалиева Д.

Класста 11 окуучу бар, кыздар 4, балдар 7. Чейрек ичинде келген кеткендер болгон жок. 2 отличник, 6 ударник, 3 окуучу канааттандырарлык.

4-класс Мойчекирова Ф.

4-класста 9 окуучу, 4 кыз, 5 бала. Отличниктер 3, ударниктер 3, 3 орто окуган окуучу. Окуу техникасы боюнча айтсам 2 окуучум нормага жетпейт.

5-класс Орозобекова Ж.

Класста 7 окуучу, 1 кыз, 6 эркек бала бар, келген кеткен жок. Отличниктер жок, ударниктер 2.

7-класс Абдыкадырова А.

7-класста 12 окуучу, 3 кыз, 9 эркек. Отличниктер жок, ударниктер 4. Чейрек ичинде келген кеткендер болгон жок.

8-класс Иманалиева Ч.

Бардыгы 7 окуучу, 4 кыз, 3 эркек. Отличник жок, ударник бир эле окуучу, Кадырова. 3 окуучудан 1ден сабактарынан “3” чыгып калды. Чейрек ичинде келген кеткендер болгон жок.

9-класс Султанова Р.

9-класста 8 окуучу, 3 эркек, 5 кыз бар. Чейрек ичинде келген кеткен жок. 1 эле окуучу ударник болду, ал Үсенбекова Сайкал.

Директор:

Кечиресиз, менин бир суроом бар. Мен журналды ачып чейректерин, жылдык бааларын карап чыгып суроо пайда болду. Бул класста 3 окуучу ударник боло турган экен, алар Идирисова Сезим, Кадырова Айдана, Үсенбекова Сайкал. Сезимге жалгыз чийүү сабагынан "3" чыгыптыр 2 чейрек бою, ал эми Айданага физика сабагы боюнча жалгыз "3" экен. Ушул бир сабактан "3" чыкпаш үчүн эмне иш алып бардыңыз Кенжебек агай, Сагынбек агай, ошондой эле класс жетекчисинин түздөн- түз милдети, алдын ала эскертүү.

Кенжебек агай сиз эмне иш кылдыңыз сиздин сабагыңыздан төрткө жеткириш үчүн.

Сагын агай эгерде сиздин сабактан эле жетишпей жатса ага сиз күнөөлүүсүз, анткени сиз окуучуну сабакка кызыктыра албайсыз, жеткиликтүү түшүндүрө албайсыз. Кошумча сабак өтпөйсүз.

Журнал боюнча бардык предметтик мугалимдер толук аткарышыптыр, бир, эки мугалимдики майрамга туш келип калгандыктан 2 саатка айырмасы чыкты.

Анда эмесе төртүнчү суроого өтсөк.

9-класстын окуучуларын жыйынтыктоочу аттестацияга толугу менен киргизебиз же каршы мугалимдер барбы. Жок экен.

Анда 9-класстын окуучулары:

1. Азамат уулу Мирлан
2. Амантаева Кайыркүл
3. Дүйшөнкулов Арлен
4. Идирисова Сезим
5. Ибраимова Айжамал
6. Осмонбеков Усман
7. Кадырова Айдана
8. Үсөнбекова Сайкал

Жыйынтыктоочу аттестацияга толугу менен киргизилсин.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешмеде чечим кылынды:

1. 0-класстан баштап 8-класска чейин окуучулардын баары класстан класска көчүрүлсүн.
2. Окуучулардын жетишүүсү быйылкы 2020/21-окуу жылында канаттандырарлык деп табылсын.
3. 9-класстын окуучулары жыйынтыктоочу аттестацияга толугу менен киргизилсин.

Мектептин директору: Джусупова Н.С.

Катчы: Тотуева А.С.

Протокол №12

Алтымыш негизги мектеби

26.05.2021.ж

1. Алтымыш негизги мектебинин 0-9-класстын окуучуларын класстан класска көчүрүүсү.

Төмөнкү класстар көчүрүлсүн пед.советтин чечими менен.

1. Абибулаева Рабия
2. Джусупова Хадижа
3. Жакшылыкова Жасмин
4. Жанышбекова Асылай
5. Кенешов Искендер
6. Кубанычбеков Куттубек
7. Кубанычбекова Хадижа
8. Малабекова Хадиже
9. Нурдинов Улукбек

1-класска көчүрүлдү.

1. Амантурова Раяна
2. Бактыбеков Б
3. Замирбеков Али
4. Иманалиева Айбийке
5. Кемелов Н
6. Кошчуев Н
7. Нурбаев Адис
8. Нурланов М
9. Бексултанов Бегенас

2-класска көчүрүлдү.

1. Абдылдаева Амина
2. Джусупов Берик
3. Джусупова Камила
4. Кабылбеков Жантөрө
5. Кадыркулов Билал
6. Мамытова Ализа
7. Нурбаев Адилет
8. Сагынбеков Байэл
9. Съездбеков Бекзат

3-класска көчүрүлдү.

1. Амантурова Даткайым
2. Асанбаев Арген
3. Асаналиев Дияр
4. Джусупова Амина
5. Дүйшөкеева Айгерим
6. Жакшылыкова Камила
7. Кубанычбеков Келдибек

8. Сыргаков Арсен
9. Маратов Умар
10. Маратов Усман
11. Өмүрбеков Рамис

4-класска көчүрүлдү

1. Бактыбеков Эрлан
2. Жакшылыкова Каусар
3. Жайлообеков Тынычбек
4. Кенешов Ильяс
5. Курманбек кызы Розэл
6. Маратов Имран
7. Өмүрбеков Азим
8. Тотуева Айбике

5-класска көчүрүлдү

1. Ашубеков Нурэл
2. Жолдошбеков Темирлан
3. Кубанычбекова Арууке
4. Мааданбеков Марсель
5. Малабек уулу Азис
6. Сыргаков Арген
7. Турашов Арсен

6-класска көчүрүлдү

1. Базаров Джихан
2. Жылкычиев Мирлан
3. Карагулов Азирет
4. Мажитов Бакай
5. Мокушев Азис
6. Осмонбаев Эрзат
7. Саманчиева Мхабат
8. Султанбаев Бексултан
9. Сүйүндүкова Нурдиана
10. Токтомушева Тахмина
11. Шахтыбаев Саламат

8-класска көчүрүлдү

1. Амантурова Мырзайым
2. Кадырова Халима
3. Кубанычбеков Бердибек
4. Кубанычбекова Айзирек
5. Малабек кызы Махабат
6. Съездбеков Гамзат
7. Турашев Алсеит

9-класска көчүрүлдү

Жогорудагы айтылгандардын негизинде чечим кылынды

1. Жогорудагы айтылган класстар кийинки класска толугу менен которулсун.

Мектеп директору: Джусупова Н.С.

Катчы: Тотуева А.С.

Протокол № 13

7.09.2021.ж

Мугалимдердин саны-12
Катышканы-12

Күн тартибинде:

1. Райононун планы менен тааныштыруу.
2. Аккредитация боюнча маалымат.
3. Райононун планы боюнча план түзүү.
4. Жумалык сааттарды бөлүштүрүү.

Кеңешмени директор Джусупова Н.С. ачып, күн тартиби менен тааныштырды.

Урматтуу коллегалар, барыңарды жаңы окуу жылынын башталышы менен куттуктайм. Мен кетпей калдым, демек бир жыл кайра чогу иштейбиз.

Жылдын аягында момундай билимди баалоонун критерийлери боюнча жыйынтык чыгарылат. Биз эч кандай райондук, облустук, республикалык конкурстарга катышпайбыз. Быйыл биздин мектеп мектеп деген жооп береби, ушу да каралат. Инновациялык иш-чаралар, спорттук мелдештерге катышкан жокпуз, бардык жагынан 0% алып жатабыз. Быйыл жакшылап иштеп, алдыга чыгышыбыз керек.

Пед.кадр менен камсыз кылууда жылыш бар. Эки совместительди кыскарттым, ордуна дипломдуу жаш кадрларды алдым.

Квалификацияны жогорулатуу боюнча бир гана математик окуу орус тилинде болгондуктан, катыша алган жок. Бул жерде процентибиз жогору.

Сынактарга катышууда ийгилик болгон жок. Кошумча билим менен окуучунун билимин жогорулатуу. Кружоктук иштерге көп көңүл бурулат, айлыгы көбөйөт.

Үйдөн окуй турган балдар жок. Донорлор, демөөрчүлөр тарабынан аткарылган иштерге "МЕРСИКО" тарабынан ашканабыз жаңыланды 196850 сомго.

8 даана компьютер менен камсыз болдук.

ИСИО боюнча да жакшы жетишкендикке жеттик, бул Динаранын эмгеги, ырахмат.

Профсоюз боюнча 4 мугалим барып эс алып келди, путёвка менен.

Сыйлоо боюнча 1 мугалим билим берүү министрлигинин грамотасы менен сыйланды Мойчекирова Ф.

Эмгек келишимди совместителдерге эле эмес, пенсия жашындагы мугалимдерге да тиешелүү. Жаш кадр келсе, ордун берүүсү керек.

Сагын агайды былтыркы окуу жылында эле спец эмес, дегенде үйүндөгү жалгыз кормилец, окуп сертификат алып келет десем, окубай койду, ошондуктан ордуна Мамбетказиев Наристи алдым.

Декада:

Кыргыз тили- 23.09

Тарых – 5.10

ИЗО – 20.11

Башталгыч класс- 6.12

Географ -13.12

Химия- 17.01

Орус тили – 31.01

Англис тили – 21.02

Математика – 38.02

Биология, денен тарбия- 11.04

Быйыл бизге фронтальный текшерүү келет, ошондуктан иштейли жакшылап.

1-класс Абдыкеримова Г. 17 саат

2-класс Абдулканова Э. 15 саат

3-класс Мокеева Т. 15 саат

4-класс Орозалиева Д. 16 саат

5-класс Мокушева А.

6-класс Орозобекова Ж.

8-класс Абдыкадырова А.

9-класс Султанова Р.

Орус тили Абдыкадырова А. 24 саат

Кыргыз тили Орозобекова Ж. 22 саат

Математика Султанова Р. 20 саат

Биология Капарова М. 11 саат

Тарых Джусупова Н. 14 саат

Денен тарбия Мамбетказиев Н. 14 саат

ИЗО Сарыбаев С. 12 саат

Чет тили Сагынбек кызы А. 17 саат

География Султанбаева А. 8 саат

ИОВТ Орозалиева Д. 5 саат

Календарлык пландарга акчаңарды чогулткула, КАОдон алып келем.

Чечим кылынды:

1. Пландын негизинде иш алып барылсын.
2. Аккредитацияга даярдык көрүлсүн.
3. Бөлүнгөн сааттар бекитилсин.

Директор: Джусупова Н.С.

Катчы: Тотуева А.С.

Протокол № 14

5.11.2021.ж

Мугалимдердин саны- 13

Катышканы -10

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 1-чейректин жыйынтыгы.
2. 5-класстын адаптациясы
3. Мугалимдердин педагогикалык чыгармачылыгы.
4. Страттык текшерүү иштери боюнча талкулоо.

1-суроо боюнча ар бир класс жетекчи 1-чейректин жыйынтыгы боюнча отчёт берди.

1-класс. Класс жетекчиси Абдыкеримова Гүлзада.

9 окуучу. 1-класстын окуучуларына чейрек чыгарылбайт, ошондуктан ударник, отличниктер жок.

2.класс. Класс жетекчиси Абдулканова Элнура.

Бардыгы 7 окуучу, 2-класстын окуучуларына да 1-чейректе баа коюлбайт.

3-класс. Класс жетекчиси Мокеева Төлөкан.

Бардыгы 9 окуучу, 1-чейректин жыйынтыгы боюнча 1 ударник, отличник жок. Абдылдаева, Жусупова, Нурбаев, Сагынбеков дегендер бир сабактан “3” коюлуп калгандыктан, ударник болбой калды. Кыргыз тил сабагынан “3” деген баага окушат. Ударник Мамытова А.

4-класс. Класс жетекчиси Орозалиева Динара.

9 окуучу, 1-чейректин жыйынтыгы боюнча 2 отличник, 3 ударник болду. Отличниктер Жусупова А, Маратов У, ударниктер Кубанычбеков Б, Жакшылыкова К, Амантурова М.

5-класс. Класс жетекчиси Мокушева Азимгүл.

9 окуучу, 1-чейректин жыйынтыгы боюнча бир окуучу жаы келди. Кара-Булак мектебинен келди, отличниктен 3 окуучу Маратов И, Бактыбеков Э, Тотуева А, ударниктер Кенешоа И, Жакшылыкова К.

6-класс. Класс жетекчиси Орозобекова Жазгүл.

Бардыгы 7 окуучу, 1-чейректин жыйынтыгы боюнча ударниктер 2 окуучу, Кубанычбекова А, Жолдошбеков Т. отличниктер жок, жетишпеген окуучу жок.

7-класс. Класс жетекчиси Сарыбаев С.

Бардыгы 7 окуучу , келген кеткен жок. Ударник 2 окуучу, Жекшенова А, Мамытова А. жетишпеген окуучу жок.

8-класс. Класс жетекчиси Абдыкадырова Айгүл.

Бардыгы 12 окуучу, келген кеткен окуучулар болгон жок. Ударниктер 4 окуучу, Карагулов А, Кадыркулова Д, Сүйүндүкова Н, Токтомушева Т.

9-класс. Класс жетекчиси Султанова Р.

Бардыгы 7 окуучу, келген кеткен жок. Ударник 1 окуучу, Кадырова Х.

2-маселе боюнча:

5-класстын класс жетекчиси Мокушева Азимгүл. 5-класс бардыгы 9 окуучу, 1 окуучу жа□ы келди. Кара- Булак мектебинен Калысбеков Касымбек. Жалпы 6 эркек, 3 кыз. Негизинен жакшы жакшы окуган окуучулар. Андан ары сабактарды өздөштүрүп жакшы бааларды алып, жакшы окуп жатышат. Жетишпеген окуучулар Жайлообеков Т, Калысбеков К, Өмүрбеков А. дептерлери, кээде ручкалары жок келишет. Үй тапшырмаларды да аткарбай келишет. Математика сабагынан таблица билбеген окуучулар да бар. Жайлообеков, Калысбеков, Өмүрбеков.

3-маселе боюнча мектептин директору Джусупова Н. сөз сүйлөдү. Быйылкы окуу жылында окуу программалардын негизинде иш алып барууда мугалимдердин чыгармачылык менен окуучуларга билим жана тарбия берүү керектигин айтты. Окуу программаларынын аткарылышын жаш мугалимдерге көрсөтүп, түшүндүрүп берүү. Мугалимдер өз ара сабактарга катышып бири-бирине жардам берип, жа□ы методдорду, ыкмаларды колдонупчыгармачылык менен окуучуларга билим, тарбия беришибиз керек, өзгөчө жа□ы окууну бүтүп келген жаш мугалимдер сабакка күнүгө чыгармачылыгы□арды көрсөтүп сабак өтүшү□өр керек.

Быйылкы окуу жылында стандарт боюнча бизге берилген программанын негизинде түзүлүшү керек.

Жогоруда айтылгандын негизинде чечим кылынды:

1. 2-чейректе ударникке, отличникке жетишпей калган окуучуларга көңүл бурулсун.
2. 5-класстын адаптациясы боюнча ар бир окуучуга мүнөзүнө, билимине жараша көңүл бурулсун.
3. Мугалимдер стандарттын негизинде, программага ылайык пландын негизинде чыгармачылык менен иш алып барылсын.
4. Старттык текшерүү иштердин үстүнөн кетирилген каталар боюнча иш алып барылсын.

Мектептин директору: Джусупова Н.С.

Катчы: Султанова Р.